БЕКИТЕМ

ТалМУнун ректору

_____доц. А.Ш.Упенов

“20” 09 2015 ж

Талас мамлекеттик университетинин (ТалМУ)

улук окутуучулук кызматтык көрсөтмөлөрү

Бул кызматтык көрсөтмө Кыргыз Республикасынын (КР) Эмгек кодексинин жоболоруна, КРнын 2003-ж. 30-апрелиндеги № 92 “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына (КРнын 2015-ж.17-апрелиндеги №84, 2015-ж. 3-августундагы №213, 2016-ж. 29-июндагы № 92 мыйзамдарынын редакциясында), КРнын Өкмөтүнүн 2004-ж. 3-февралындагы № 53 токтому менен бекитилген(КРнын Өкмөтүнүн 2009-ж 5-мартындагы № 148, 2013-ж.19-апрелиндеги №209, 2016-ж. 11-апрелиндеги № 191 токтомунун редакциясында) “КРнын жогорку билим берүүчү мекемелери жөнүндө” жоболоруна жана ТалМУнунуставына ылайык иштелип чыккан жана бекитилген.

1. Жалпы жоболор

1.1.ТалМУнун улук окутуучусу профессордук-окутуучулук курамына кирет жана кафедра башчысына баш ийет.

1.2.Улук окутуучулук кызмат ордуна илимдин кандидаты даражасы бар же жогорку билимдүү, илимий-педагогикалык тажрыйбасы бар тиешелүү квалификациядагы адистер кабыл алынат жана талапкерге коюлуучу талаптар:

-мыйзамдык күчүнө кирген соттун чечиминин негизинде педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенүүдөн четтетилбеген (КРнын Эмгек кодексинин 377-беренеси 2-бөлүк);

- сот жообуна тартылбаган (КР эмгек кодексинин 377-беренеси 2 бөлүк);

- КРнын өкмөтүнүн белгиленген тизмелеринде каралган оорулар менен оорубаган (КРнын эмгек кодексинин 377-беренеси 2 бөлүк).

1.3.Улук окутуу төмөндөгүлөрдү билүүгө тийиш:

-жогорку кесиптик билимгетиешелүү суроолорго байланыштуу КРнын мыйзамдарын жана нормативдик укуктук актыларын;

- университеттин нормативдик актыларын;

-жогорку кесиптик билим берүүнүнтиешелүү программаларына туура келген КРнынмамлекеттик билим берүү стандарттарын;

- билим берүү системасын башкаруу теорияларын жана ыкмаларын;

- окуу пландарын түзүү ирээтин;

-окуу иштериндеги документтерди жүргүзүү эрежелерин;

- педагогиканын,психологиянын,физиологиянын негиздерин;

-кесиптик окутуунун методикаларын;

- окутуунун жана тарбиялоонун заманбап формаларын жана ыкмаларын;

-билим берүү технологияларын колдонуунун методдорун жана ыкмаларын, ошондой эле аралыктан окутуунун методдорун;

-жекече компьютерлерде жана башка электрондук сандык түзүлүштөрдү иштөөнүн талаптарын;

-экология, укук жана социологиянын негиздерин;

-илимий-изилдөө иштеринин ишке ашышы үчүн маалыматтарды издөө, чогултуу, сактоо, иштеп чыгуу, жайылтуунун негизги методдорун;

-өздүк интеллектуалдык укуктарды коргоонун механизмдерин;

-КРнын эмгектик мыйзамдарынын негиздерин;

-ТалМУнун ички эмгектик тартиптеринин эрежелерин;

-эмгекти коргоо жана өрт коопсуздуктарынын эрежелерин.

1.4.Улук окутуучу өз ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алат:

-ТалМУнун уставы;

-кызматтык көрсөтмөну;

-факультет тууралуу жобо, кафедра тууралуу жобо жана окумуштуулар кеңешинде бекитилген университеттин актыларын.

1.5.Улук окутуучу өргүүдө болуп же ден соолугуна байланыштуу жок болуп калган убакта, анын милдетин көрсөтүлгөн тартиптин негизинде убактылуу милдетин аткаруучу аткарат.

1.6. ТалМУнун улук окутуучулук кызмат орду шайлануучу кызмат болуп эсептелет. Улук окутуучуну шайлоо “ТалМУда профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө жобого” ылайык ТалМУнун Окумуштуулар кенешинин отурумунда жүргүзүлөт.

2. Кызматтык милдеттемелер

Улук окутуучу төмөнкү милдеттерди аткарат:

2.1. Окутулуучу дисциплиналар боюнча окуу, окуу-методикалык иштерди, сабактын башка түрлөрүн уюштурат жана иш жүзүнө ашырат.

2.2. Кафедранын, университеттин башка бөлүмдөрүнүн илимий-изилдөө иштерине катышат.

2.3. Гранттык негизде илимий-изилдөө иштердин темаларын, долбоорлорду, окуу китептерин, монографиялык эмгектерди даярдоодо жетекчилик же аткаруучулук милдетти аткарат.

2.4. Электрондук программалар менен иштөөнү билет.

2.5. Эмгектерин жарыкка чыгарууга жөндөмдүү, илимий малымаат базаларында эмгектерин жарыялайт.

2.6. Кафедранын профили боюнча окуу пландарынын аткарылышын камсыз кылат, окуу программаларын иштеп чыгат жана иш жүзүнө ашышын камсыз кылат.

2.7. Белгиленген окуу сабактарын, окуу-методикалык иштерди жүргүзөт.

2.8. Окуу сабактарын, практикаларды техникалык, методикалык жактан камсыз болушун уюштурат.

2.9. Билим алуучулардын илимий-изилдөө иштерине катышат, алардын өз алдынча иштөөсүн жетектейт.

2.10. Окутуучуларга педагогикалык жөндөмдөрүн жана кесиптик көндүмдөрүн жогорулатууда методикалыкжактан жардам көрсөтөт.

2.11. Кафедранын илимий-методикалык иштерине катышат.

2.12. Кафедранын изилдөө багытынын алкагында уюштурулган семинарларга,конференцияларга (эл аралык) катышат.

2.13. Лабораториялык жана практикалыксабактарды өткөрүүдө өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоо боюнча эрежелердин аткарылышын көзөмөлдөйт.

2.14. Билим алуучуларды тарбиялоо иштерине катышат.

2.15. Окуу китептерин, окуу жана окуу-методикалык көрсөтмөлөрдү даярдоого, окуу программаларын иштеп чыгууга жана кафедранын башка окуу-методикалык иштерине катышат.

3. Улук окутуучулук бош кызмат орунга конкурска катышуучуга коюлуучу талаптар

3.1. Улук окутуучулук бош кызмат ордуна жарыяланган конкурс ары ТалМУ профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлөт.

3.2. Улук окутуучулук кызмат орунга биринчи жолу конкурска катышууга сунушталган кандидатураларга төмөнкүдөй талаптар коюлат:

- Лекциялык, практикалык сабактарды илимий методикалык деңгеелде өткөндүгү тууралуу кафедранын сабакка катышу менен аныктаган, какфедранын отурумунда талкууга алынган сабактын сапатын баалап көрсөткөн сунуштамасына (рекомендация) ээ болуусу;

- Жогорку окуу жайындагы пдагогикалык стажы 5 жылдан кем эмес болуусу;
- Аспирантураны ийгиликтүү аяктаган же окуп жаткан, же илим изденүүчү болуп бекитилген болуусу;

- Предметтик сабактар боюнча лекциялык конспектилеринин электрондук варианттарынын толук болушу;
- ТалМУнун ички тартибин бузган фактылары жок болуусун эске алуу сунушталат;

3.3. Улук окутуучулук бош кызмат орунга экинчи жолу конкурска катышуучуга коюлуучу талаптар:

- Лекциялык, практикалык сабактарды жогорку илимий методикалык децгеелде өткөндүгү тууралуу, иннвациалык окутуу технологиялары колдоно билүүсүнүн негизинде өз билимин өркүндөткөндүгүн тастыктаган, кафедранын сабакка катышууда түзүлгөн баалоо сунуштамасына (рекомендация) ээ болуусу;

- Илимий изденүүчүлүк ишинде кандидаттык экзамендерди тапшыргандыгы жана кандидаттык диссертациялык иштин 30-40% пайыздан кем эмес бөлүгүн бүтүргөнү жөнүндө маалыматты билдирген кафедранын (илимий жетекчисинин билдирүүсүнүн негизинде) сунуштама- чечиминин болуусу;

- Улук окутуучулук орунга иштеген мезгилиндеги отчетунда жарыкка чыккан илимий, окуу – методикалык эмгегинин саны 10-дон кем болбоосу (анын ичинде 5-тен кем эмес илимий макала;

- Сабак өткөн предметтери боюнча лекциялык, практикалык, лабораториялык сабактарга колдонулуучу конспектилеринин, көрсөтмөлөрүнүн электрондук варианттарынын толук болуусу;

- ТалМУнун ички тартибин бузган фактылары жок болуусун эске алуу сунушталат.

3.4. Улук окутуучулук бош кызмат орунга үчүнү жолу конкурска катышууга коюлуучу талаптар:

- Улук окутуучулукка коюлган 3.3 пунктагы талаптардын толук аткарылышы;
- Кандидаттык илимий диссертациясынын толук жазылып бүткөндүгү тууралуу кафедранын жана илимий жетекчисинин маалымат каты же диссертация корголуучу атайын Кеңештен талкуудан өткөндүгү тууралуу аныктамасы

3.5. ТалМунунулук окутуучукызмат орду шайлануучу кызмат болуп эсептелет. Улук окутуучуну шайлоо «ТалМУда профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордунээлеп туруунун тартиби жөнүндө жобого» ылайык ТалМУнун Окумуштуулар кенешинин отурумунда жүргүзүлөт.

4. Укуктар

Улук окутуучу төмөнкү укуктарга ээ:

4.1.Университеттин жетекчилигинин чечимдеринин долбоорлорун талкуулоого катышуу.

4.2. Берилген тапшырмалардын ишке ашышына, түздөн-түз жетекчиликтин макулдашуусу менен башка кызматкерлердикатыштыруу.

4.3. Башка структуралык бөлумдөрдөгү кызматкерлерден керектүү маалыматтарды, документтерди суроо жана алуу.

4.4. өзүнун кызматтык милдеттемелеринин аткарылышы боюнча суроолорду талкулоого катышуу.

4.5. Университеттин ички эмгектик тартибинде, коллективдик келишимде жана башка ички актыларда аныкталган укуктарга.

5. Жоопкерчилик

5.1. Улук окутуу төмөнкүлөргө жоопкерчиликтүү:

-ушул кызматтык көрсөтмөлөрдүн негизинде кызматтык милдеттемелерин аткарбаса, же аткаруудан баш тартсаКРнын Эмгектик мыйзам-ченемдеринде көрсөтүлгөн тартиптиннегизинде жоопкер болот;

-университеттин уставынын бузулушуна жол берсе;

-билим алуучуларга карата физикалык жана психикалык күч колдонуу менен тарбиялоо жүргүзсө;

-университетке залал келтирсе, ал залал КРнын эмгектик мыйзам-ченемдеринде көрсөтүлгөн тартиптиннегизинде аныкталса.

Макулдашылды:

	Факультет,кафедранын аты	Фамилия, аты жана атасынын аты	Колу	Күнү
Факультеттин деканы				
Кафедра башчысы				
Көрсөтмө менен тааныштым				

2.5